КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК КАДР
КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ
КАДРОВАЯ СЛУЖБА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2021-ж 19-март № 50

Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Коомдук кабылдамасы жана «ишеним телефону» жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Мыйзамынын 7-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-мартындагы № 182 токтому менен бекитилген Коомдук кабылдамалар жөнүндө жобого ылайык, жарандардын кайрылуулары боюнча өз убагында ыкчам чечимдерди кабыл алуу максатында, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын (мындан ары - МКК) Коомдук кабылдамасы Чүй проспектиси, 122 дарегинде түзүлсүн, Коомдук кабылдама МККнын мониторинг жана мыйзамдуулукту көзөмөлдөө бөлүмү жайгашкан №№ 305, 306, 307 кабинеттерде жайгашсын жана “ишеним телефон” номерлери болуп: 0312 660295, 0312 660337, 0312 660339 номерлери аныкталсын.
2. МККнын Коомдук кабылдамасы жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Мониторинг жана мыйзамдуулукту көзөмөлдөө бөлүмүнүн жооптуу кызматкерлери жарандардын телефон аркылуу жана башка кайрылууларын убагында кабыл алып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген тартипте тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн МККнын жетекчилигине жеткирип турсун.
4. Адам ресурстарын башкаруу жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү бул буйруктуМККнын тузүмдүк бөлүмчөлөрүнө жеткирсин.
5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары А.А. Курмановго жүктөлсүн.
6. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын 2012-жылдын 13-февралындагы № 21 «Коомдук кабылдама жана «ишеним телефону» жөнүндө буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

**Директор** **А.М. Маматалиев**

ГОСУДАРСТВЕННАЯ КАДРОВАЯ СЛУЖБА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАДР КЫЗМАТЫ
АДАМ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУ ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ УПРАВЛЕНИЯ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ И ДЕЛОПРОИЗВОДСТВА
ИНН 00911200410136
г.БИШКЕК ш.